# КУШ ТУМООСУНАН



## кантип сактануу керек?

Кымбаттуу балдар,

Кийинки учурларда силер албетте куш тумоосу, алардын канаттуулардан адамга берилери тууралуу көп эле уккан болушуңар керек. Мына ушул куш тумоосу бара-бара дүйнө жүзүнө жайылып бара жатат. Өкүнүчтүүсү бул оорунун аягы өлүмгө дуушар кылат. Өздүк гигиенанын жана жүрүм-турумдун айрым эрежелерин туура сактаган адамдар бул тумоонун алдын алып, сактана алат.

Тумоо - адамдарда, айбанаттарда жана канаттууларда да кездеше турган ооруу козгогуч тарабынан пайда болгон инфекция. Куш тумоосу алгач Италияда 100 жыл илгери табылган канаттуулардын жугуштуу оорусу. Жапайы канаттуулар тумоону таратуучу күчтүү булак. Ошондуктан жапайы канаттуулардын көп топтолгон жерлери, миграция учурунда өзгөчө кооптуу.

Кыргызстан үчүн куштардын миграциясынын Борбордук Азиялык жана Чыгыш Азиялык жолу өзгөчө мааниге ээ. Анткени бул маршрут менен Сибирден Кыргызстан аркылуу Малайзия, Пакистан, Кытайга учуп өтүшөт жана кайра кайтышат. Бул учурда куш тумоосунун пайда болушуна жагымдуу кырдаал түзүлүп, биздин аймак үчүн өтө кооптуу мезгил.

Ысыккөлгө эле кыштоо үчүн 1000ден ашык аккуулар жана миңдеген түрдүү өрдөктөр, Соңкөл жана Чатыркөлгө тоо каздары (индиялык) учуп келишет. Токмок шаарынын жанындагы камыштардын арасында, Чүй өрөөнүнүн көлмөлөрү менен суу сактагычтарында келгин куштар кышташат жана убактылуу тыныгышат.

Жапайы келгин куштар, өзгөчө өрдөк, каздар үй куштарынын тоок, күрп, каз, өрдөктөрдүн арасында ооруну таратышат. Аларга ылаңдаган куштардын шилекейи, заңы, тумшугунан бөлүнүп чыккан суюктук, суу, жем аркылуу куш тумоосунун вирусу жугат. Куш тумоосунун вирусу төмөнкү температурага өтө туруктуу келет. 70 градуска чейин кайнатып же ысыткан учурда гана вирус жок болот. Адамга вирус куштар менен түздөн түз аралашып жүрсө, ошондой эле чала бышырылган куштун этин жана жумурткасын жеген учурда жугат.

Ооруган адамда куш тумоосунун белгилери кадимки эле тумоонун белгилерине окшош. Дененин температурасы жогорулап, чыйрыгат, башы жана муундары ооруутат, мурду бүтүп, тамагы ооруутат. Өпкөнүн сезгенүүсү тез эле башталат. Куш

- КАНАТТУУЛАР ЖАНА АНЫН БАЛАПАНДАРЫ МЕНЕН ОЙНОБОГУЛА



- ЭГЕРДЕ ӨЛҮП ЖАТКАН КАНАТТУУНУ КӨРҮП КАЛСАҢАР АЙЫЛ ӨКМӨТҮНӨ ЖЕ ВЕТЕРИНАРГА БИЛДИРГИЛЕ



- МҮМКҮН БОЛУШУНЧА КОЛДУ ТЕЗ-ТЕЗ САМЫНДАП ЖУУГУЛА



- ЧҮЧКҮРҮП ЖЕ ЖӨТӨЛГӨН УЧУРДА БЕТААРЧЫ МЕНЕН ООЗУ-МУРДУҢАРДЫ ЖАПКЫЛА

- ЫЛАҢДАГАН ЖЕ ӨЛГӨН КУШТАРДЫ КОЛУҢАР МЕНЕН КАРМАБАГЫЛА

- ЭГЕРДЕ ӨЗҮҢӨРДҮ НАЧАР СЕЗСЕҢЕР ДАРОО ДАРЫГЕРГЕ КАЙРЫЛГЫЛА



## ҮЙ ТАПШЫРМА

☑ Үйдөгүлөргө куш тумоосунун коркунучтуу дарт экендигин жана аны алдын алуу тууралуу айтып бер.

☑ Ата-энең менен бул барактагы маалымамматтарды чогуу окугула.

☑ Бардык курбуларыңа, досторуңа, тууган-туушкандарыңа жана коңшуларыңа өздүк гигиенанын эрежелери жана куш тумоосун алдын алуу тууралуу айтып бер.

☑ Төмөнкү бөлүгүн кесип алып, мугалимиңе бер, ал эми жогорку бөлүгүн өзүңө калтыр.

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министирлиги
Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министирлиги

Ар бир балага
Саламаттык, билим, теңдик, камкордук
АДАМЗАТТЫН ӨСҮШ ЖОЛУ ҮШҮЛ

юнисеф

# Кымбаттуу балдар үйдөгүлөргө суроо берип жана жообун бирге талкуулагыла

**Чүчкүрүп же жөтөлгөн учурда оозу-мурдуңарды бетаарчы менен жабасыңарбы?**

- ☐ *оозу-мурдумду бетаарчы менен жабам.*
- ☐ *оозу-мурдумду бетаарчы менен жаппаймын.*

**Эгер өлгөн канаттууну көрсөңөр, кандай чара көрөсүңөр?**

- ☐ *айыл өкмөтүнө же мугалимге кабарлайм.*
- ☐ *досума көрсөтөм.*

**Эгер канаттуулар ооруп калса, аны кол менен кармалап же ойноого болобу?**

- ☐ *ооба.*
- ☐ *жок.*

**Эгер өзүңөрдү начар сезсеңер кимге кайрыласыңар?**

- ☐ *догдурга.*
- ☐ *сатуучуга.*

**Чала бышырылган куштун этин же жумурткасын жейсиңерби?**

- ☐ *жок.*
- ☐ *ооба.*

**Үй куштарын тооканага камоо керекпи?**

- ☐ *ооба.*
- ☐ *жок.*

**Куш тумоосу малга (кой, уй ) жугушу мүмкүнбү?**

- ☐ *ооба.*
- ☐ *жок.*

**УРМАТТУУ АТА-ЭНЕЛЕР,**
**Бүгүн сиздердин балдарыңыздар куш тумоосу жана аны алдын алуунун жолдору тууралуу маанилүү маалыматтар менен таанышты. Үй-бүлөңүздүн, өзгөчө балдардын ден соолугун сактоо үчүн төмөндөгү эрежелер эсиңизде болсун:**

СИЗ ЧАРБАЧЫЛЫК МЕНЕН АЛЕКТЕНИП ЖАНА ҮЙ КАНАТТУУЛАРЫН БАКСАҢЫЗ:

- Балдарга үй канаттуулары жана анын балапандары менен ойноого тыюу салгыла.
- Эгерде куштардын илдетке чалдыкканын же өлгөн канаттууну көрсөңүздөр айыл өкмөтүнө же ветеринарга кабарлаңыздар.
- Эгерде өзүңүздү начар сезсеңиз дароо дарыгерге кайрылыңыз.

ТАМАК-АШ ДАЯРДАГАН УЧУРДА:

- Куштун этинен тамак даярдасаңыз, аны өтө жогорку температурада жакшылап бышырыңыз.
- Чийки этти өзүнчө кармап, башка даяр тамак-аш менен бирге сактабаңыз.
- Аны даярдоо учурунда колдонулган идиш-аяк ж. б. буюмдарды самын суу менен жууңуздар.

БАЛДАРЫҢЫЗДАР МЕНЕН БИРГЕ ӨЗДҮК ГИГИЕНАНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИН САКТАҢЫЗДАР:

- Колуңуздарды мүмкүн болушунча тез-тез самындап жууп туруңуздар.
- Жөтөлүп же чүчкүргөн учурда оозу-мурдуңуздарды бетаарчы менен калкалаңыздар.
- Илдетке чалдыккан же өлгөн канаттууну кол менен кармабаңыздар.

---

**Фамилиясы** ____________________

**Аты** ____________________

**Жашаган жери** ____________________

**Району** ____________________

**Мектеби** ____________________

**Классы** ____________________

Биз маалымат баракчасындагы маалыматтар менен таанышып чыгып, куш тумоосунан сактануу милдетин өзүбүзгө алабыз.

Ата-эненин колу____________________________

Окуучунун колу____________________________

датасы____________________________